КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №237 Кара-Коо айылы

Четинди участкасынан жер тилкелерин бөлүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Четинди участкасында калктын социалдык жана спорттук муктаждыктарын камсыз кылуу максатында кичи футбол аянтчасын курууга жана диний багыттагы объект үчүн мечиттин имаратын курууга жер тилкелерин каroo жөнүндө маселеси Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Четинди участкасынан кичи футбол аянтчасын куруу үчүн жер тилкеси каралсын жана тиешелүү тартипте бөлүнүп берилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Четинди участкасынан мечиттин имаратын куруу үчүн жер тилкеси каралсын жана тиешелүү тартипте бөлүнүп берилсин.

3. Жер тилкесине тиешелүү документтерди даярдоо жана мыйзам талаптарына ылайык иштерди жүргүзүү Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго жүктөлсүн.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner